# Балдар үчүн Библия

тартуулайт

# Адамдын кайгысынын башталышы



Эдвард Хьюс тарабынан жазылган

Сүрөттөр Байрон Ангер, Лазарус тарабынан тартылган; Alastair Paterson

М. Майлот, Тэмми С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн

Christian Lingua тарабынан которулган

Bible for Children тарабынан түзүлгөн
www.M1914.org

©2020 Bible for Children, Inc.
Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

# КУДАЙ БАРДЫГЫН ЖАРАТКАН!

Кудай биринчи адамды жаратканда, ал өзүнүн жубайы Обо менен Эдем багында жашаган. Алар Кудайга толугу менен баш ийүүгө бактылуу болуп, Анын жанында болууга кубанып келишкен, бирок бир күнү ...





КУДАЙ БАРДЫГЫН ЖАРАТКАН! Кудай биринчи адамды жаратканда, ал өзүнүн жубайы Обо менен Эдем багында жашаган. Алар Кудайга толугу менен баш ийүүгө бактылуу болуп, Анын жанында болууга кубанып келишкен, бирок бир күнү …



“Силер Кудайдай болуп каласыңар”. Обо ошол дарактын жемишинен жегиси келди. Ал жылаандын тилин алып, жемишти жеди.

Обо Кудайга баш ийбегенден
кийин, Адамга да жемишти
жедирди. Адам: “Жок, жебейм.
Мен Кудайдын Сөзүнө баш
ийбей койбойм”, –
деши керек эле.





Адам менен Обо
күнөө кылгандан кийин, экөө тең
жылаңач экенин билди. Алар анжыр дарагынын
жалбырактарынан алжапкыч жасап, Кудайдан
бадалдардын арасына жашырынып алышты.

Салкын кечте Кудай бакка келди. Ал Адам менен Обо эмне кылганын билген. Адам Обону күнөөлөдү. Обо жылаанды күнөөлөдү. Кудай: “Жылаан каргышта калды. Аял балдарын ооруп төрөйт”, – деди.



“Адам, сен күнөө кылгандыктан, жер каргышка калды, ал тикенек менен отоо чөптөрдү өстүрөт. Сен күнүмдүк тамагыңды таап жеш үчүн эмгектенип, маңдай териңди төгөсүң”.





Кудай адам менен Обону
сонун бактан чыгарып салды.
Алар күнөө кетиргендиктен,
өмүр берүүчү
Кудайдан
ажырап
калышты.



Кудай алар бакка кире албашы үчүн оттуу кылычтарды жасады. Кудай Адам менен Обого булгаары кийим жасап берди. Ал булгаарыларды кайдан алды?

Убакыт өтүп, Адам менен Обо балалуу болушту. Алардын биринчи уулу Кабыл дыйкан болчу. Экинчи уулу Абыл койчу болгон. Бир күнү Кабыл Кудайга белекке жер жемиштеринен алып келди. Абыл өзүнүн эң жакшы койлорунан Кудайга тартуу алып келди. Кудайга Абылдын белеги жакты.



Кудайга Кабылдын белеги жакпады.  Кабыл аябай ачууланды.  Бирок Кудай: “Эгер жакшы иш кылсаң, башыңды жерге салбайт элең да?” – деди.



Кабылдын ачуусу тарабады.
Ал талаадан Абылга кол салып,
аны өлтүрүп салды!



Кудай Кабылга кайрылды: “Абыл бир тууганың кайда?” Кабыл: “Билбейм, – деп жалган айтты. – Мен бир тууганыма кароолчу белем”. Кудай Кабылдын дыйканчылык жөндөмүн алып салып, тентип жүргөн адам кылып жазалады.



Кабыл ТЕҢИРДИН алдынан кетип калды.  Ал Адам менен Обонун кызына үйлөнгөн болчу.  Алар үй-бүлө курушту.  Убакыт өтүп, Кабылдын неберелери жана кыбыралары ал негиздеген шаарды толтурушту.



Ошол эле учурда, Адам менен Обонун үй-бүлөсү тез өсүп жатты.  Ал күндөрдө адамдар азыркыга караганда көп жашашкан.



Уулу Шет төрөлгөндө, Обо мындай деди: “Кудай мага Шетти Абылдын ордуна берди”.  Шет такыба адам болчу, ал 912 жыл жашап, көп балалуу болгон.





Дүйнөдөгү адамдардын уламдан кийинки муунү өтө бузула берди. Акыры Кудай адамзатын жок кылайын деп чечти ...


... бардык айбанаттарды жана
куштарды. Кудай адамзатты
жаратканына өкүндү. Бирок
бир адам Кудайдын алдында
ырайым тапты ...

Ал адамдын аты Нух болчу. Шеттин тукуму Нух адил жана кемчиликсиз адам эле.  Ал Кудайдын алдында түз жүргөн.





Ал өзүнүн үч уулуна Кудайга баш ийүүнү үйрөткөн. Эми Кудай Нухту абдан таң калыштуу жана өзгөчө жол менен колдонойун деп чечти.

Адамдын кайгысынын башталышы

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китепте

Башталыш 3-6

“Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет.”
Забур 119:130

# Аягы

Библиянын аңгемелери бизди жараткан жана сен Аны билишиңди каалаган сонун Кудай жөнүндө айтат.

Кудай биз күнөө деген жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм, бирок Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун, Ыйсаны, биздин күнөөлөрүбүздүн жазасы болуш үчүн айкаш жыгачтагы өлүмгө жиберди. Кийин Ыйса тирилип, асмандагы үйүнө кетти! Эгер сен Ыйсага ишенип, Андан күнөөлөрүмдү кечирчи деп сурансаң, Ал кечирет! Ал келип, эми Сенин ичиңде жашайт, сен болсо Аны менен түбөлүк жашайсың.

Эгер бул чындык экенине ишенсең, Кудайга мындай деп айт: “Кымбатту Ыйса, Мен Сенин Кудай экениңе жана менин күнөөлөрүм үчүн өлгөнүңө, азыр болсо тирүү экениңе ишенем. Суранам менин жашоомо келип, менин күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, бир күнү Сени менен түбөлүккө болом. Сага баш ийүүгө, Сен үчүн Сенин balaңдай болуп жашаганга жардам берчи. Оомийн”.

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөш! Жакан 3:16